КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
СОКУЛУК РАЙОНУ
САРЫ-ӨЗӨН
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
САРЫ-ӨЗӨН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН
САРЫ-ОЗОНСКИЙ
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
САРЫ-ОЗОНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

АЙЫЛДЫК КЕҢЕШТИН ТОКТОМУ

2026-жылдын 3-июну №01-7/16

Сары-Өзөн айыл аймагында жергиликтүү жамааттын Уставын бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиги тарабынан жергиликтүү жамааттарга усулдук жардам көрсөтүү, алардын ишмердүүлүгүнүн уюштуруучулук жана укуктук негиздерин бекемдөө, ошондой эле жергиликтүү жамааттардын уставдарын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамына шайкеш келтирүү максатында кабыл алынган буйругуна ылайык, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 21, 34-беренелерин жетекчиликке алып, Сары-Өзөн айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Сары-Өзөн айыл аймагынын жергиликтүү жамаатынын Уставы тиркемеге ылайык жаңы редакцияда кабыл алынсын жана бекитилсин.
2. Сары-Өзөн айыл өкмөтү аталган Уставдын аткарылышын камсыз кылсын жана көзөмөлгө алсын.
3. Айылдык кеңештин жооптуу катчысы ушул токтомду каттоого алып, анын көчүрмөсүн ченемдик укуктук актылардын Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.
4. Ушул токтом кабыл алынган күндөн тартып күчүнө кирет.
5. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңештин төрагасынын орун басарларына жүктөлсүн.

Төрага **М.Р.Кадыркулов**

Сары-Өзөн айылдык кеңештин
«03» июня 2026-жылдын
№01-7/16
тиркеме

Сары-Өзөн айыл аймагынын жергиликтүү жамааттын

ТИПТҮҮ УСТАВЫ

Биз, Сары-Өзөн айыл аймагынын жергиликтүү жамааты, өз аймагыбызда жергиликтүү маанидеги маселелерди өз демилгебиз жана өз жоопкерчилигибиз менен чечүү укугубузду жана милдетибизди сезүү менен өзүбүздүн территориябыздагы жашаган жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн жана башка жарандардын бузулбас биримдигин, ынтымагын, коомдук тартипти жана тынчтыкты курууну камсыз кылууну, айыл аймагыбызды/шаарыбызды өнүктүрүүнү максат кылып; жергиликтүү жамааттын ички жашоо-тиричилигинин негизги принциптерин жана эрежелерин күндөлүк турмушка киргизүүнү көздөп, ушул уставды кабыл алабыз.

1. Жалпы жоболор

1.1. Сары-Өзөн айыл аймагынын жергиликтүү жамаатынын Уставы — жергиликтүү жамааттын жыйындарында (чогулуштарында) же курутайларында талкуунун жыйынтыгы боюнча айылдык кеңештин токтому менен бекитилген, жергиликтүү жамааттын жашоо-турмушун, мүчөлөрүнүн укуктарын жана милдеттерин, жергиликтүү маанидеги маселелерди жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу ишин жөнгө салган негизги документ.

1.2. Устав Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жергиликтүү жамааттын ички жашоосунун негизги принциптерин, мүчөлөрүнүн укук-милдеттерин, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдөгү жамаат менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз ара мамилелерин, анын ичинде бюджеттик процесске катышуусун аныктайт.

1.3. Устав Сары-Өзөн айыл аймагында бардык жеке жана юридикалык жактар үчүн аткарууга милдеттүү.

2. Негизги түшүнүктөр

Жергиликтүү жамаат - айыл аймагында туруктуу жашаган Кыргыз Республикасынын жарандары.

Жергиликтүү маанидеги маселелер - жергиликтүү жамааттын жашоосуна тиешелүү маселелер.

Өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар - мамлекеттик органдардан жергиликтүү өз алдынча башкарууга берилген айрым ыйгарым укуктар.

Демилгелүү топтор — жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү тарабынан түзүлгөн ыктыярдуу бирикмелер (элдик демилге, көйгөйдү чечүү, чогулуш/жыйындарды өткөрүү топтору).

Муниципалдык менчик — жергиликтүү өз алдынча башкаруунун менчиги жана киреше булагы.

Жергиликтүү ченем чыгаруу демилгеси — жергиликтүү актыларды сунуштоо, ченемдик укуктук актылардын долбоорун (токтомдун долбоорун) иштеп чыгууга жана жергиликтүү кеңештин кароосуна белгиленген тартипте киргизүүгө жергиликтүү жамааттын укугу.

Жарандардын чогулушу/жыйындары, коомдук угуулар, муктаждыктарды иликтөө — жергиликтүү маанидеги маселелерди талкуулоо жана чечүү формалары.

3. Сары-Өзөн айылдык аймактын территориясы

3.1. Административдик-аймактык чек аралардын ичинде жайгашкан жерлерди өзүнө камтыйт.

3.2. Айылдык аймактын территориясы төмөндөгү айылдарды өзүнө камтыйт:
- Сокулук айылы; - 1-Май айылы; - Жакынкы Арал айылы; - Алыскы Арал айылы; - Асылбаш айылы; - Кирово айылы; - Төш-Булак айылы; Четинди айылы; - Бөрүлу айыл

4. Жергиликтүү жамаат

4.1. Жергиликтүү жамаатты Сары-Өзөн айыл аймагында туруктуу жашап, жалпы кызыкчылыктары менен биригип, жергиликтүү маанидеги маселелерди өз жоопкерчилиги астында чечүүгө милдеттүү болгон Кыргыз Республикасынын жарандары түзөт.

4.2. Жаш курагы 16 жаштан жогорку мүчөлөр жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына катышууга тең укуктуу.

4.3. Жергиликтүү жамаат эл аралык, республикалык бирликтерге жана ассоциацияларга киргенге укуктуу.

4.4. Жергиликтүү жамаат, улуттук, тарыхий, маданий жана башка жергиликтүү салттарды жана өзгөчөлүктөрдү чагылдырган, жергиликтүү кеңештин чечими менен бекитилген расмий символдорду белгилөө укугуна ээ.

5. Жергиликтүү жаматтагы мүчөлүк

5.1. Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленген тартипте каттоодон өткөн жаран жергиликтүү жамааттын мүчөсү деп эсептелет.

5.2. Жаран туруктуу же көпчүлүк убакта жаран бир жерде жашаса Кыргыз Республикасынын жарандары, шайлоо жана шайлануу укугусуз, жергиликтүү жамааттын укуктарынан пайдалана алышат.

6. Жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн укуктары

6.1. ***Укуктары:***

- Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө катышууга;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайланууга жана шайлоого;
- демилгелүү топторду түзүү жана долбоорлорду иштеп чыгууга, айылдын муктаждыктарын изилдөөгө, инвестиция тартууга жана сунуштарды киргизүүгө катышуу;
- шайлоолордо жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында иштөөгө катышуу;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана мамлекеттик органдарга арыздар, даттануулар жана маалымат суроолору менен кайрылуу, мамлекеттик жана кызматтык сырлардан башка, маалымат алуу;
- коомдук иш-чараларга, айылдык жыйындарга, коомдук угуулардын, айылдык кенештин сессияларына жана комиссиялардын отурумдарына катышуу;
- башка мүчөлөрдөн Уставды жана мыйзамдарды сактоосун талап кылуу, зарыл болсо укук коргоо органдарына кайрылуу;
- жергиликтүү бюджетти түзүүгө катышуу жана чыгымдар боюнча маалымат алуу;
- ыктыярдуу түрдө жергиликтүү жамааттан чыгуу;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана коомчулуктун Уставы менен белгиленген башка укуктарды жүзөгө ашыруу.
- жергиликтүү өз алдынча башкарууну жүзөгө ашырууда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларды кошпогондо, жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн укуктарын чектөөгө жол берилбейт жана чектөө соттук тартипте даттанылышы мүмкүн.

6.2. Милдеттери:

- Конституцияны, мыйзамдарды жана Уставды сактоо;
- башка мүчөлөрдүн укуктарын урматтоо;
- дискриминацияга жол бербөө;
- этникалык жана социалдык конфликттерди алдын алуу;
- жаратылышты жана муниципалдык менчикти коргоо;
- санитардык эрежелерди сактоо;
- жайыт, суу жана коомдук жайлар боюнча эрежелерди сактоо.
- мыйзамдын чегинде белгиленген салыктардын жана жыйымдардын баардык түрлөрүн кечиктирбей өз убагында төлөө;
- турмуш-тиричилик шартын жакшыртууга багытталган баардык коомдук пайдалуу жумуштарга (социалдык багыттагы обьектилерди, жолдорду, көпүрөлөрдү, ондогон арыктарды, көчөлөрдү, санитария боюнча тазалоого, көрктөндүрүүгө, жашылдандырууга жана башка максаттарында уюштурулган ашарларга) катыша алат;
- калктуу конуштардагы жалпы колдонуудагы жерлерде жүргөндө тазалыкты сактоо;
- калктуу конуштарда мал кармоодо айдоолорду майкандоого, талаадагы айыл чарба өсүмдүктөрүнүн жыйналган түшүмүн керектөөдөн чыгаруу же жок кылуу, бак-даректарга зыян келтирүүгө жол бербөөгө, санитардык, ветеринардык жоболорду сактоо;
- мал жайууда малды Кыргыз Республикасынын «Жайыттар жөнүндө» мыйзамына ылайык жайытка чыгарууга, же атайын мал жайууга ылайык жерлерге жайуу;
- ар бир улуттун намысын жана каада-салттарын урматтоого, улуттар аралык ынтымакты, биримдикти чыңдоо, ар бир улуттун маданиятын өркүндөтүүгө көмөк көрсөтүү;
- уруксатсыз аңчылык кылууга жана балык уулоого, жаратылыштагы жапайы жаныбарларга, өсүмдүктөргө бүлгүн салууга жол бербөө;
- үй бүлөлүк салтанаттарды, маркумду акыркы сапарга узатуу зыйнаттарын жамааттар тарабынан кабыл алынган жобонун негизинде өткөрүү.

7. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу

7.1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу - жергиликтүү жамааттын жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө багытталган өз кызыкчылыктарындагы жана өз жоопкерчилигиндеги өз алдынча ишмердүүлүгү Конституцияда белгиленген.

7.2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жергиликтүү жамааттар тарабынан өкүлчүлүктүү (жергиликтүү кеңештер) жана аткаруу органдары (айыл өкмөтү/шаардын мэриясы) аркылуу, ошондой эле жарандардын түздөн-түз катышуу жолу менен жүзөгө ашырылат.

7.3. Жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү ошондой эле өз демилгеси, өз каражаттарынын жана башка тараптардын каражаттарынын эсебинен жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү аркылуу да жергиликтүү өз алдынча башкарууну ишке ашырышат.

8. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары

8.1. Сары-Өзөн айылдык аймагынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары - жергиликтүү кеңештер, шаардын мэриясы, айыл өкмөтү өз ишин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, мыйзамдарынын, башка ченемдик укуктук актыларынын, ушул Уставдын негизинде жалпы калктын атынан ачык жана жергиликтүү жамааттын кызыкчылыктарында жүзөгө ашырышат, анын алдында жооптуу болушат.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (шаардык мэрия/айыл өкмөтү, жергиликтүү кеңеш) Кыргыз Республикасынын жарандарынын мамлекеттик жана жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө катышууга конституциялык укуктарын ишке

ашыруу үчүн шарттарды түзүү боюнча мамлекеттик органдар менен тыгыз өз ара аракетте иштейт.

8.2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын жетекчилери, жергиликтүү кеңештин депутаттары мезгил-мезгили менен бирок жылына бир жолудан кем эмес жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн алдында отчет берип турушат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мамлекеттин жана жергиликтүү жамааттын алдында жооптуу.

8.3. Айыл өкмөтү / шаардын мэриясы маанилүү маселелер боюнча чечим кабыл алуунун алдында, жергиликтүү кеңештин кароосуна жалпы жамаатка тиешелүү чечимдердин долбоорлорун даярдап киргизүү үчүрүнда жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн пикирлерин жана сунуштарын сурап билүүгө, алар кабыл алынгандан кийин жамааттын мүчөлөрүн кабарландырууга милдеттүү.

8.4. Жергиликтүү кеңеш өзүнүн сессиясынын датасы жана күн тартиби жөнүндө алдын ала жарандарга маалымдоого, алардын сессияга, жыйындарга катышуусуна шарт түзүүгө, ошондой эле кабыл алынган чечимдер боюнча жергиликтүү жамаатты маалымдоого милдетүү. Конституцияга жана мыйзамга каршы келген, улуттук коопсуздукка коркунуч келтирген аракеттерди жасоого укугу жок.

9. Жергиликтүү маанидеги маселелер

9.1.Жергиликтүү маанидеги маселелер – бул Сары-Өзөн айыл аймагынын жашоо-турмушунун тутумунун иштешин жана өнүгүшүн уюштуруу, жергиликтүү жамааттын жашоо тиричилигин жана башка таламдарын канааттандырууну камсыз кылуу үчүн жергиликтүү жамааттын жана анын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагына берилген маселелер.

9.2 Жергиликтүү жамааттар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мамлекеттик органдардын компетенциясына кирбеген жана КР мыйзамдарында карама-каршы келбеген шартта өздөрүнүн географиялык, салттык, этностук, чек-аралык жана башка өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу жергиликтүү маанидеги кошумча маселелерди жергиликтүү жамааттын Уставында белгилөөгө укуктуу.

9.3. Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жергиликтүү жамааттын өз ара мамилелеринин тартиби Кыргыз Республикасынын мыйзамы, башка ченемдик укуктук актылары, ошондой эле жергиликтүү жамааттын уставы менен белгиленет.

9.4. Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүнүн натыйжалары боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана жергиликтүү жамааттын жарандардын демилгеси боюнча өз алдынча түзүлгөн топтору тиешелүү аймактын жергиликтүү жамаатына отчет берет.

10. Жергиликтүү коомдук уюмдар

10.1. Жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү аймакты өнүктүрүү максатында ардагерлер, аксакалдар, аялдар жана жаштар башка коомдук уюмдарды түзүүгө укуктуу.

10.2. Бул уюмдардын уюштуруу формалары ушул Уставда же алардын ички жоболорунда аныкталат.

11. Жарандардын тикелей эрк билдирүү формалары

11.1. Жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү маанилүү жергиликтүү маселелер боюнча курултайларды, жыйындарды (чогулуштарды) жана коомдук угууларды өткөрүүгө укуктуу.

11.2. Жыйындардын жана курултайлардын кабыл алынган сунуштамалары жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына кароого жиберилет.

11.3. Жамааттын мүчөлөрү менен кеңири талкуулоону талап кылган жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча чечимдерди кабыл алуу үчүн жергиликтүү коомчулук төмөнкү тикелей эрк билдирүү формаларын колдонууга укуктуу:

- жыйындар (чогулуштар);
- коомдук угуулар;

ушул Уставда каралган башка формалар.

11.4. Тикелей эрк билдирүүнүн формалары коомчулуктун ачык-айкындуулугун жана мүчөлөрдүн кеңири катышуусун камсыз кылууга багытталат.

11.5. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аймактын жашоо тиричилигин уюштуруу, социалдык-экономикалык пландаштыруу жана калкка кызмат көрсөтүү үчүн жергиликтүү маанидеги маселелерди чечет (КР "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкару жөнүндө" Мыйзамы, (27-берене).

11.6. Мамлекеттик органдардын ыйгарым укугуна кирбеген жана мыйзамдарга каршы келбеген, жергиликтүү жамаат өзүнүн өзгөчөлүктөрүнө (географиялык, салттык, этностук ж.б.) жараша кошумча маселелерди жергиликтүү жамааттын Уставында аныктоого укуктуу.

12. Жергиликтүү ченем чыгаруу (элдик) демилгеси

12.1. Жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча токтом долбоорун демилгелөө укугуна ээ. Жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү тарабынан ченем чыгаруу демилгеси тартибинде иштелип чыккан жана айылдык кеңешке киргизилген токтомдун долбоору милдеттүү түрдө демилгечилердин жана башка кызыкдар тараптардын өкүлдөрүнүн катышуусунда каралууга жатат.

12.2. Чет элдиктер, эркиндигинен ажыратылган, мыйзамсыз аракетке жөндөмсүз жарандар демилгеге катыша албайт.

12.3. Элдик ченем жаратуу демилгени ишке ашырууга Кыргыз Республикасынын бардык аймагында - шаарда же айыл аймагында согуштук же өзгөчө кырдаалдар киргизилген шарттарда жол берилбейт.

12.4. Ченем жаратуу демилгеси иретинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келген жергиликтүү кеңештин токтомунун долбоорлору жергиликтүү кеңешке киргизилбейт.

13. Демилгелүү топтун иши

13.1. Жергиликтүү кеңештин токтомунун долбоорун демилгелөө жана киргизүү тууралуу сунуш менен чыккан жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү элдик демилгени ишке ашыруу үчүн курамы 7-11 адамдан турган демилгечи топту түзүшөт. Шаарда же айыл аймагында жашап турган жана 18 жашка чыккан жергиликтүү жамааттын мүчөсү демилгечи топтун мүчөсү боло алат (Демилгечи топтун мүчөлөрүнүн саны жергиликтүү жамааттын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ыктыяры менен белгиленет).

13.2. Демилгечи топ токтомдун долбоорун демилгелеген жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн керектүү санынын колу коюлгандыгын тастыктаган баракчаларды топтоп бүткөндөн кийин токтомдун долбоорун жергиликтүү кеңешке киргизет.

Эскертүү

Жергиликтүү ченем жаратуу демилгесине укуктуу жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн саны Бишкек, Ош шаарларында 5000 адамды, калкынын саны 20001ден жана андан жогору шаарларда жана айылдык аймактарда 1000 адамды, калкынын саны 6001ден 20000 ге чейинки шаарларда жана айылдык аймактарда 600 адамды, калкынын саны 6000ге чейинки шаарларда жана айылдык аймактарда 300 адамды түзөт.

13.3. Токтомдун долбоорун кароо тууралуу арызга төмөндөгүлөр кошо тиркелет:

- токтомдун долбоорун жергиликтүү кеңештин кароосуна киргизүү тууралуу чечим кабыл алынган демилгечи топтун жыйналышынын протоколу;
- токтомдун долбоорунун тексти, ошондой эле анын электрондук версиясы;
- маалымкат-негиздеме;
- жергиликтүү кеңештин мурда кабыл алынган токтомуна өзгөртүүлөр жана/же толуктоолор киргизилген учурда салыштырма таблица;
- төмөндөгү маалыматтар (жергиликтүү жамааттын мүчөсүнүн фамилиясы, аты, атасынын аты, туулган датасы, жашаган (туруктуу) жери, паспортунун сериясы жана номери, жергиликтүү кеңешке демилгечи топ даярдаган токтомдун долбоорун киргизүү үчүн коюлган колу) камтылган кол коюу барагы.

13.4. Элдик демилге иретинде жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү тарабынан киргизилген жергиликтүү кеңештин токтомунун долбоору жергиликтүү кеңеш тарабынан милдеттүү түрдө эң жакынкы өтө турган кезектүү (кезексиз) туруктуу комиссиянын жыйынында жана жергиликтүү кенештин сессиясында каралууга жатат. Аталган долбоорду жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиясынын жыйынында жана сессиясында кароо демилгечи топтун мүчөлөрүнүн милдеттүү түрдө катышуусу менен жүргүзүлөт.

13.5. Жергиликтүү кеңеш мөөнөтүнөн мурда ишин токтоткон учурда жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү тарабынан киргизилген токтомдун долбоору өз күчүн сактап калат жана жаңы чакырылыштагы жергиликтүү кеңеш тарабынан каралууга жатат.

13.6. Элдик демилге укугун эркин ишке ашырууга күч колдонуу, коркутуу, бурмалоо же бөгөт коюу аракеттери мыйзам боюнча жоопкерчиликке тартылат.

14. Элдик жыйын (чогулушту)

14.1. Элдик жыйын (чогулуш) жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча жергиликтүү жамааттын пикирлерин эске алуу, айыл өкмөтүнүн башчысынын жана айылдык кеңештин депутаттарынын маалыматтарын угуу жана талкуулоо максатында өткөрүлөт.

14.2. Элдик жыйын (чогулуш) бир көчөнүн, кварталдын, кичи райондун же айылдын жашоочуларынын катышуусу менен өткөрүлөт жана анын жыйынтыгында сунуштар кабыл алынат.

14.3. Элдик жыйын (чогулуш) ачык-айкын өткөрүлөт. Түшкөн суроолорго жана сунуштарга мүмкүнчүлүккө жараша ошол жерде жооп берилет, жооп берүүгө мүмкүн болбогон учурда алар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан 3 күндүн ичинде каралып, жыйынтыгы жазуу жүзүндө билдирилет.

14.4. Элдик жыйындарды (чогулуш) өткөрүүгө байланышкан чыгымдар жергиликтүү бюджеттин эсебинен жабылат.

15. Элдик жыйында (чогулуш) каралуучу маселелер

15.1. Элдик жыйында (чогулуш) төмөнкү маселелер каралат:

- жергиликтүү жамааттын уставынын долбоору жана ага өзгөртүүлөр;
- аймакты өнүктүрүү программалары жана пландары (СЭӨП ж.б.);
- айылдын, көчөнүн, кварталдын көйгөйлөрүн чечүү боюнча биргелешкен аракеттер;
- этностор аралык ынтымакты бекемдөө жана алдын алуу иштери;
- муниципалдык менчикти пайдалануу маселелери;
- коммуналдык кызматтар жана тарифтер боюнча сунуштар;
- көрктөндүрүү, турак жай жана инфраструктура маселелери;
- курулуш, архитектура жана башкы план маселелери;
- элдик демилгелер;

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
СОКУЛУК РАЙОНУ
САРЫ-ӨЗӨН
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
САРЫ-ӨЗӨН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН
САРЫ-ОЗОНСКИЙ
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
САРЫ-ОЗОНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

ПОСТАНОВЛЕНИЕ АЙЫЛНОГО КЕНЕША

2026 год 3 июня №01-7/16

Об утверждении Устава местного сообщества Сары-Озонского айылного аймака

В соответствии с приказом Государственного агентства по делам государственной службы и местного самоуправления при Кабинете Министров Кыргызской Республики, принятым в целях оказания методической помощи местным сообществам, укрепления организационно-правовых основ их деятельности, а также приведения уставов местных сообществ в соответствие с Законом Кыргызской Республики «О местной государственной администрации и органах местного самоуправления», руководствуясь статьями 21, 34 указанного Закона, Сары-Озонский айылный кенеш **постановляет:**

1. Утвердить и принять Устав местного сообщества Сары-Озонского айылного аймака в новой редакции согласно приложению.
2. Сары-Озонскому айыл окмоту обеспечить исполнение данного Устава и взять его выполнение под контроль.
3. Ответственному секретарю айылного кенеша зарегистрировать настоящее постановление и направить его копию в Министерство юстиции Кыргызской Республики для включения в Государственный реестр нормативных правовых актов.
4. Настоящее постановление вступает в силу со дня его принятия.
5. Контроль за исполнением настоящего постановления возложить на заместителей председателя айылного кенеша.

Председатель **М.Р. Кадыркулов**

Приложение
к постановлению
Сары-Озонского айылного
кенеша №01-7/16
от 03.06.2026 года

УСТАВ

местного сообщества Сары-Озонского аильного аймака

Мы, местное сообщество Сары-Өзөнского аильного аймака, осознавая свое право и обязанность решать вопросы местного значения на своей территории по собственной инициативе и под свою ответственность, стремясь обеспечить нерушимое единство, согласие, общественный порядок и мир среди членов местного сообщества и других граждан, проживающих на нашей территории, а также развитие нашего аильного аймака/города; желая внедрить в повседневную жизнь основные принципы и правила внутренней жизнедеятельности местного сообщества, принимаем настоящий Устав.

1. Общие положения

1.1. Устав местного сообщества Сары-Өзөнского аильного аймака — это основной документ, регулирующий жизнь местного сообщества, права и обязанности его членов, вопросы местного значения и деятельность местного самоуправления, утвержденный постановлением айылного кенеша по результатам обсуждения на собраниях (сходах) или курултаях местного сообщества. 1.2. Устав определяет в соответствии с законодательством Кыргызской Республики основные принципы внутренней жизни местного сообщества, права и обязанности его членов, взаимоотношения между сообществом и органами местного самоуправления при решении вопросов местного значения, в том числе участие в бюджетном процессе. 1.3. Устав является обязательным для исполнения всеми физическими и юридическими лицами на территории Сары-Өзөнского аильного аймака.

2. Основные понятия

- **Местное сообщество** — граждане Кыргызской Республики, постоянно проживающие на территории аильного аймака.
- **Вопросы местного значения** — вопросы, касающиеся жизнедеятельности местного сообщества.
- **Переданные государственные полномочия** — отдельные полномочия, переданные государственными органами в ведение местного самоуправления.
- **Инициативные группы** — добровольные объединения, созданные членами местного сообщества (группы народной инициативы, решения проблем, проведения собраний/сходов).
- **Муниципальная собственность** — собственность и источник доходов местного самоуправления.
- **Право местной нормотворческой инициативы** — право местного сообщества предлагать местные акты, разрабатывать и в установленном порядке вносить проекты нормативных правовых актов (проекты постановлений) на рассмотрение местного кенеша.
- **Сходы/собрания граждан, общественные слушания, выявление потребностей** — формы обсуждения и решения вопросов местного значения.

3. Территория Сары-Өзөнского аильного аймака

3.1. Включает в себя земли, расположенные в пределах административно-территориальных границ. 3.2. Территория аильного аймака включает следующие села:

- село Сокулук;
- село 1-Май;
- село Ближний Арал;
- село Дальний Арал;
- село Асылбаш;
- село Кирово;
- село Төш-Булак;
- село Четинди;
- село Бөрүлү.

4. Местное сообщество

4.1. Местное сообщество составляют граждане Кыргызской Республики, постоянно проживающие на территории Сары-Өзөнского аильного аймака, объединенные общими интересами и обязанные под свою ответственность решать вопросы местного значения. 4.2. Члены, достигшие 16-летнего возраста, имеют равные права на решение вопросов местного значения и участие в деятельности органов местного самоуправления. 4.3. Местное сообщество имеет право вступать в международные и республиканские союзы и ассоциации. 4.4. Местное сообщество имеет право устанавливать официальные символы, отражающие национальные, исторические, культурные и другие местные традиции и особенности, утвержденные решением местного кенеша.

5. Членство в местном сообществе

5.1. Гражданин, прошедший регистрацию в порядке, установленном законодательством Кыргызской Республики, считается членом местного сообщества. 5.2. Граждане Кыргызской Республики, проживающие постоянно или большую часть времени в одном месте, могут пользоваться правами местного сообщества без права избирать и быть избранными.

6. Права и обязанности членов местного сообщества

6.1. Права:

- участвовать в решении вопросов местного значения;
- избирать и быть избранными в государственные органы и органы местного самоуправления в порядке, установленном законодательством Кыргызской Республики;
- создавать инициативные группы и участвовать в разработке проектов, исследовании потребностей села, привлечении инвестиций и внесении предложений;
- участвовать в выборах и работать в органах местного самоуправления;
- обращаться в органы местного самоуправления и государственные органы с заявлениями, жалобами и запросами информации, получать информацию (за исключением государственной и служебной тайны);
- участвовать в общественных мероприятиях, сельских сходах, общественных слушаниях, сессиях айыльного кенеша и заседаниях комиссий;

- требовать от других членов соблюдения Устава и законов, в случае необходимости обращаться в правоохранительные органы;
- участвовать в формировании местного бюджета и получать информацию о расходах;
- добровольно выйти из состава местного сообщества;
- осуществлять другие права, установленные законодательством Кыргызской Республики и Уставом сообщества.
- Ограничение прав членов местного сообщества при осуществлении местного самоуправления не допускается, за исключением случаев, предусмотренных законами Кыргызской Республики, и такое ограничение может быть обжаловано в судебном порядке.

6.2. Обязанности:

- соблюдать Конституцию, законы и Устав;
- уважать права других членов;
- не допускать дискриминации;
- предотвращать этнические и социальные конфликты;
- охранять природу и муниципальную собственность;
- соблюдать санитарные правила;
- соблюдать правила в отношении пастбищ, воды и общественных мест;
- своевременно и без задержек уплачивать все виды налогов и сборов, установленных в рамках закона;
- принимать участие во всех общественно полезных работах, направленных на улучшение условий жизни (ашарах, организуемых в целях ремонта объектов социального назначения, дорог, мостов, очистки арыков, улиц, санитарной очистки, благоустройства, озеленения и других целей);
- соблюдать чистоту при нахождении в местах общего пользования в населенных пунктах;
- при содержании скота в населенных пунктах не допускать потрав посевов, выведения из потребления или уничтожения собранного урожая сельскохозяйственных культур на полях, причинения вреда деревьям, соблюдать санитарные и ветеринарные положения;
- при выпасе скота выгонять его на пастбища в соответствии с Законом Кыргызской Республики «О пастбищах» либо пасти на специально предназначенных для этого землях;
- уважать честь и традиции каждой нации, укреплять межнациональное согласие и единство, содействовать развитию культуры каждой нации;
- не допускать незаконной охоты и рыбной ловли, причинения вреда диким животным и растениям в природе;
- проводить семейные торжества и обряды проводов усопших в последний путь на основе положений, принятых сообществами.

7. Местное самоуправление

7.1. Местное самоуправление — это гарантированная Конституцией самостоятельная деятельность местного сообщества под свою ответственность и в своих интересах, направленная на решение вопросов местного значения. 7.2. Местное самоуправление осуществляется местными сообществами через представительные (местные кенеши) и исполнительные органы (айыл окмоту / мэрия города), а также путем непосредственного участия граждан. 7.3. Члены местного сообщества также осуществляют местное самоуправление путем решения вопросов местного значения за счет собственной инициативы, собственных средств и средств других сторон.

8. Органы местного самоуправления

8.1. Органы местного самоуправления Сары-Өзөнского аильного аймака (местные кенеши, мэрия города, айыл окмоту) осуществляют свою деятельность на основе Конституции, законов Кыргызской Республики, других нормативных правовых актов, настоящего Устава открыто от имени всего населения и в интересах местного сообщества, и подотчетны ему. Органы местного самоуправления (мэрия города / айыл окмоту, местный кенеш) тесно взаимодействуют с государственными органами в целях создания условий для реализации конституционных прав граждан Кыргызской Республики на участие в решении вопросов государственного и местного значения. 8.2. Органы местного самоуправления, их руководители и депутаты местного кенеша периодически, но не реже одного раза в год отчитываются перед членами местного сообщества. Органы местного самоуправления подотчетны государству и местному сообществу. 8.3. Айыл окмоту / мэрия города перед принятием решений по важным вопросам, при внесении на рассмотрение местного кенеша проектов решений, касающихся всего сообщества, обязаны запрашивать мнения и предложения членов местного сообщества, а после их принятия информировать членов сообщества. 8.4. Местный кенеш обязан заблаговременно информировать граждан о дате и повестке дня своей сессии, создавать условия для их участия в сессиях и сходах, а также информировать местное сообщество о принятых решениях. Не имеет права совершать действия, противоречащие Конституции и закону, создающие угрозу национальной безопасности.

9. Вопросы местного значения

9.1. Вопросы местного значения — это вопросы, отнесенные в ведение местного сообщества и его органов местного самоуправления в целях обеспечения организации функционирования и развития системы жизнедеятельности Сары-Өзөнского аильного аймака, удовлетворения бытовых и иных потребностей местного сообщества. 9.2. Местные сообщества и органы местного самоуправления вправе определять в Уставе местного сообщества дополнительные вопросы местного значения, не входящие в компетенцию государственных органов и не противоречащие законам КР, связанные с их географическими, традиционными, этническими, приграничными и иными особенностями. 9.3. Порядок взаимодействия органов местного самоуправления и местного сообщества по решению вопросов местного значения устанавливается законом Кыргызской Республики, другими нормативными правовыми актами, а также уставом местного сообщества. 9.4. По результатам решения вопросов местного значения органы местного самоуправления и группы, созданные по инициативе граждан местного сообщества, отчитываются перед местным сообществом соответствующей территории.

10. Местные общественные организации

10.1. Члены местного сообщества в целях развития территории имеют право создавать ветеранские, аксакальские, женские, молодежные и другие общественные организации. 10.2. Формы организации этих уложений определяются настоящим Уставом или их внутренними положениями.

11. Формы прямого волеизъявления граждан

11.1. Члены местного сообщества имеют право проводить курултаи, сходы (собрания) и общественные слушания по важным местным вопросам. 11.2. Принятые рекомендации сходов и курултаев направляются в органы местного самоуправления на рассмотрение. 11.3. Для принятия решений по вопросам местного значения, требующим широкого

обсуждения с членами сообщества, местное сообщество вправе использовать следующие формы прямого волеизъявления:

- сходы (собрания);
- общественные слушания;
- иные формы, предусмотренные настоящим Уставом. 11.4. Формы прямого волеизъявления направлены на обеспечение прозрачности сообщества и широкого участия его членов. 11.5. Органы местного самоуправления решают вопросы местного значения для организации жизнедеятельности территории, социально-экономического планирования и обслуживания населения (Закон КР «О местной государственной администрации и органах местного самоуправления», ст. 27). 11.6. Местное сообщество вправе определять в Уставе местного сообщества дополнительные вопросы, не входящие в компетенцию государственных органов и не противоречащие законам, в зависимости от своих особенностей (географических, традиционных, этнических и др.).

12. Местная нормотворческая (народная) инициатива

12.1. Члены местного сообщества имеют право инициировать проект постановления по вопросам местного значения. Проект постановления, разработанный членами местного сообщества в порядке нормотворческой инициативы и внесенный в айыльный кенеш, подлежит обязательному рассмотрению с участием представителей инициаторов и других заинтересованных сторон. 12.2. Иностранцы, граждане, лишенные свободы, недееспособные граждане не могут участвовать в инициативе. 12.3. Осуществление народной нормотворческой инициативы не допускается в условиях введения на всей территории Кыргызской Республики — в городе или айыльном аймаке — военного или чрезвычайного положения. 12.4. Проекты постановлений местного кенеша, противоречащие законодательству Кыргызской Республики, в качестве нормотворческой инициативы в местный кенеш не вносятся.

13. Деятельность инициативной группы

13.1. Члены местного сообщества, выступившие с предложением об инициировании и внесении проекта постановления местного кенеша, создают инициативную группу в составе от 7 до 11 человек для реализации народной инициативы. Членом инициативной группы может быть член местного сообщества, проживающий в городе или аильном аймаке и достигший 18-летнего возраста (количество членов инициативной группы определяется по волеизъявлению местного сообщества и органов местного самоуправления). 13.2. Инициативная группа вносит проект постановления в местный кенеш после завершения сбора подписных листов, подтверждающих подписи необходимого числа членов местного сообщества, инициировавших проект постановления.

Примечание: Количество членов местного сообщества, имеющих право на местную нормотворческую инициативу, составляет: в городах Бишкек, Ош — 5000 человек; в городах и аильных аймаках с численностью населения 20001 человек и более — 1000 человек; в городах и аильных аймаках с численностью населения от 6001 до 20000 человек — 600 человек; в городах и аильных аймаках с численностью населения до 6000 человек — 300 человек.

13.3. К заявлению о рассмотрении проекта постановления прилагаются:

- протокол заседания инициативной группы, на котором принято решение о внесении проекта постановления на рассмотрение местного кенеша;
- текст проекта постановления, а также его электронная версия;
- справка-обоснование;
- сравнительная таблица в случае внесения изменений и/или дополнений в ранее принятое постановление местного кенеша;
- подписной лист, содержащий следующие данные (фамилия, имя, отчество члена местного сообщества, дата рождения, место жительства (постоянное), серия и номер паспорта, подпись для внесения подготовленного инициативной группой проекта постановления в местный кенеш). 13.4. Проект постановления местного кенеша, внесенный членами местного сообщества в качестве народной инициативы, подлежит обязательному рассмотрению местным кенешем на ближайшем предстоящем очередном (внеочередном) заседании постоянной комиссии и на сессии местного кенеша. Рассмотрение указанного проекта на заседании постоянной комиссии и сессии местного кенеша проводится с обязательным участием членов инициативной группы. 13.5. В случае досрочного прекращения полномочий местного кенеша проект постановления, внесенный членами местного сообщества, сохраняет силу и подлежит рассмотрению местным кенешем нового созыва. 13.6. Применение насилия, угроз, фальсификация либо препятствование свободному осуществлению права народной инициативы влекут ответственность по закону.

14. Народный сход (собрание)

14.1. Народный сход (собрание) проводится в целях учета мнений местного сообщества по вопросам местного значения, заслушивания и обсуждения информации главы айыл окмоту и депутатов местного кенеша. 14.2. Народный сход (собрание) проводится с участием жителей одной улицы, квартала, микрорайона или села, по его итогам принимаются предложения. 14.3. Народный сход (собрание) проводится открыто. На поступившие вопросы и предложения по возможности отвечают на месте, в случае невозможности ответа они рассматриваются органами местного самоуправления в течение 3 дней с сообщением результатов в письменной форме. 14.4. Расходы, связанные с проведением народных сходов (собраний), покрываются за счет местного бюджета.

15. Вопросы, рассматриваемые на народном сходе (собрании)

15.1. На народном сходе (собрании) рассматриваются следующие вопросы:

- проект устава местного сообщества и изменения в него;
- программы и планы развития территории (ПСРР и др.);
- совместные действия по решению проблем села, улицы, квартала;
- работа по укреплению межэтнического согласия и профилактике;
- вопросы использования муниципальной собственности;
- предложения по коммунальным услугам и тарифам;
- вопросы благоустройства, жилищного фонда и инфраструктуры;
- вопросы строительства, архитектуры и генерального плана;
- народные инициативы;
- отчеты главы айыл окмоту и депутатов местного кенеша;
- вопросы административно-территориальных изменений;
- иные вопросы, связанные с жизнью местного сообщества.

16. Инициатива и периодичность проведения народного схода (собрания)